| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР |
|---|---|---|

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 20-январы №108 Оргочор айылы

**2026 жылга Оргочор айыл аймагын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын жана 2026-2030 жылдарга болжолун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, Оргочор жергиликтүү кенеши, финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияларды көзмөлдөө жана социалдык маселелер, маданий өнүгүү жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиялардын корутундусун угуп жана талкуулап, **токтом кылат:**

1. 2026 жылга Оргочор айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы жана 2026-2030 жылдарга болжолу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Оргочор айыл өкмөтү:
   - 2026- жылга айыл аймагын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын жана 2026-2030 жылдарга болжолун ишке ашырууну камсыздасын;
   - 2026- жылдын жыйынтыгы боюнча программаны ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө айылдык кеңешке отчет берилсин.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялансын.

4. Жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияларды көзмөлдөө жана социалдык маселелер, маданий өнүгүү жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиялар кеңешинин туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**